**И. Арабаев атындагы КМУнун жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы Д 13.23.662 диссертациялык кеңештин эксперти педагогика илимдеринин доктору, Зулуев Бекмурза Бекболотовичтин 13.00.01 – Жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган Батиров Азизбек Рузибаевчтин «Мектеп окуучуларын фольклордук чыгармалардын негизинде патриоттуулукка тарбиялоонун педагогикалык шарттары» деген темадагы диссертациясына**

## ЭКСПЕРТТИК БҮТҮМҮ

Изденүүчү Батиров Азизбектин «Мектеп окуучуларын фольклордук чыгармалардын негизинде патриоттуулукка тарбиялоонун педагогикалык шарттары» аттуу темадагы диссертациясын жана авторефератын карап чыгып, эксперт төмөнкүдөй бүтүмгө келди:

**1. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин шайкеш келиши.** Сунуш кылынган кандидаттык диссертация диссертациялык кеңештин профилине туура келет. Диссертациянын жалпы мазмунунда мектеп окуучуларына фольклордук чыгармалардын элдик педагогикалык баалуулук экендигин, алардын азыркы ааламдашуу доорундагы таалим-тарбиялык жоопкерчилигин жогорулатуунун маңызы жана социалдык-педагогикалык принциптерин аныктоо проблемасы, патриоттуулукка тарбиялоонун педагогикалык шарттары камтылган. Иштин мазмуну 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистигининин паспортуна туура келет жана негизги натыйжалары фольклордук чыгармалардын элдик педагогикалык баалуулук катары өзгөчөлүктөрү конкреттештирилип,фольклордук чыгармалардагы патриоттук тарбиялоо идеялары аныкталып жана алардын бүгүнкү күн үчүн керектүү делген базасы түзүлүп, кыргыз элинин оозеки көркөм мурастары аркылуу мектеп окуучуларын патриоттуулукка тарбиялоонун ыкмалары перинциптери жана жолдору, жалпы модели жана шарттары иштелип чыгып тарбия берүүнүн мүмкүнчүлүктөрүн, маңызын, маанисин аныктоо менен байланышкан. Мектеп окуучуларын фольклордук чыгармалардын негизинде патриоттуулукка тарбиялоонун өзгөчөлүктөрү жана педагогикалык шарттары аныкталган. Алардын натыйжалуулуктары педагогикалык эксперименттин жыйынтыктары менен тастыкталган.

**2. Диссертациялык иштин максаты;** мектеп окуучуларын фольклордук чыгармалардын негизинде патриоттуулукка тарбиялоонун педагогикалык шарттарын,моделин иштеп чыгуу жана аларды педагогикалык эксперимент жүргүзүү менен текшерүү. Изилдөөнүн алдына үч милдет коюлган:

а) фольклордук чыгармалардын элдик педагогикалык баалуулук экендигин, алардын азыркы ааламдашуу доорундагы таалим-тарбиялык функциясын аныктоону тереңдетүү жана теманын изилденишине методологиялык таянычтарына обзор берүү;

б)патриоттук тарбиялоодо кыргыз элинин фольклордук мурастарынын зарылдыгын жана мүмкүнчүлүгүн аныктоо;

в)мектеп окуучуларын фольклордук чыгармалардын негизинде патриоттуулукка тарбиялоонун педагогикалык шарттарын, моделин иштеп чыгуу жана эксперимент аркылуу текшерүү;

**Изилдөөнүн *обьектиси*** – азыркы шартта мектеп окуучуларын патриоттук тарбиялоо процесси, ал эми **изилдөөнүн *предмети*** – кыргыз фольклорунун идеяларын мектеп окуучуларын пактриоттуулукка тарбиялоонун педагогикалык шарттары изилденип, диссертациянын максатына жана милдетине ылайык туура аныкталган.

Изилдөөнүн жүрүшүндө колдонулган методдор анын ичинде фольклордук материалдарды анализдөө методу,герменевтикалык метод ошону менен бирге ырааттуу уюштурулган педагогикалык эксперимент усулдары колдонулган. Изилдөөгө алынган материалдар анализденген.

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу**. Диссертациянын темасы мектеп окуучуларын фольклордук чыгармалардын негизинде патриоттуулукка тарбиялоонун жолдорун изилдөөгө арналган жана бүгүнкү күндө мектеп окуучуларын өз Ата Журтун сүйүүгө, атуулдук аң сезимин жогорулатуу,мекенчилдиктин милдетин түшүндүрүү. Ал эми Кыргыз Республикасынын Президентинин “Кыргызстан элинин тарыхый жана маданий мурастарын окуп-үйрөнүүнү тереңдетүү жана атуулдук мекенчилдикти калыптандыруу боюнча чаралар жөнүндөгү” токтому (2012), “Улуттук нарк жөнүндө” (2022) жарлыктары азыркы күндө жаштарды элибиздин руханий мурастары менен билим жана тарбия берүүнүн зарылдыгын жана мүмкүнчүлүгүн көрсөттү. Ушундай шартта кыргыз элинин байыркы убактан бери турмуштук тажрыйбада сынактан өтүп калыптанган этникалык педагогикабыздагы улуттук фольклордун ордун,алардын идеяларын окутуу жана тарбиялоо процессинде колдонуунун, өркүндөөтүүнүн, бул процессти этнопедагогизациялоонун илимий-методикалык мүмкүнчүлүктөрүн иштеп чыгуу жана практикага сунуштоо

бүгүнкү күнү улуттук педагогика илими үчүн өзгөчө актуалдуу болуп эсептелет.Кыргыз фольклорунун жаштарды патриоттукка тарбиялоо идеялары жана тажрыйбалары,алардын азыркы учурдагы чоң мүмкүнчүлүктөрү жана ушул баалуу материалдарды практикада пайдаланууну алдына койгондугу менен айырмаланат. Ошондуктан тандалып алынган теманын актуалдуулугу, өз учурунда изилденгени, мектеп окуучуларын фольклордук чыгармалардын негизинде патриоттуулукка тарбиялоонун теориясына жана практикасына тийиштүү салым кошооруна шек санатпайт.

**3. Илимий натыйжалар:**

3.1. Иште педагогика илиминин мындан ары өнүктүрүү менен байланышкан төмөндөгүдөй натыйжалар алынган. Биринчи натыйжа, фольклордук чыгармалардын элдик педагогикалык баалуулук катары өзгөчөлүктөрү конкреттештирилди;фольклордук чыгармалардагы патриоттук тарбиялоо идеялары аныкталды жана алардын бүгүнкү күн үчүн керектүү делген базасы түзүлдү. Экинчи натыйжа, кыргыз элинин оозеки көркөм мурастары аркылуу мектеп окуучуларын патриоттуулукка тарбиялоонун ыкмалары,принциптери жана жолдору, башкача айтканда,жалпы модели жана шарттары иштелип чыгылды. Үчүнчү натыйжа, иштелип чыккан моделдин жана педагогикалык шарттардын, технологиялардын бүгүнкү мектеп практикасы үчүн жарамдуулугу педагогикалык тажрыйба аркылуу сынактан өткөрүлүп практикалык сунуштар берилген.

3.2. Илимий натыйжалардын ишенимдүүлүгү олуттуу теориялык жоболорго таянуу менен, 306 ден ашык илимий булактар анализденген жана мазмундук жактан негизделген педагогикалык эксперимент жүргүзүүлгөн, топтолгон маалымат тийиштүү деңгээлде анализденген жана жалпыланган.

3.3. Мектеп окуучуларын фольклордук чыгармалардын негизинде патриоттуулукка тарбиялоонун ыкмалары, принциптери негизделип, патриоттуулукка тарбиялоонун педагогикалык шарттары аныкталып, "бүгүнкү мектеп практикасы үчүн жарамдуулугу" даярдалып, практикага сунушталды.

3.4. Квалификациялык белгилерге туура келиши. Диссертациядагы материалдар мектеп окуучуларын фольклордук чыгармалардын негизинде патриоттуулукка тарбиялоонун илимий-теориялык негиздерин аныктоого багытталган,алынган натыйжалар жетиштүү илимий жаңылыкка жана баалуулукка ээ. Диссертациялык жумуш И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасынын 2017-2023-жылдарга карата ишелип чыккан тематикалык планынын алкагында аткарылган. Илимий изилдөөлөрдүн негизинде изденүүчү тарабынан 9

макала жарыяланган.

**4.** Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү жетиштүү, аларды жогорку окуу жайдын жана педагогикалык окуу жайлардын педагогикалык багыттагы факультеттеринде, болочок мугалимдерди даярдоодо окуу программасын, окуу китептерин, методикалык колдонмолорду өркүндөтүп иштөөдө, мугалимдердин адистигин жогорулатуу ишмердүүлүктөрүндө кеңири колдонсо болот.

**5. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.** Автореферат диссертациянын мазмунуна, андагы теманын актуалдуулугунун негизделишине, изилдөөнүн проблемалуулугуна, максаты менен милдеттерине, илимий жаңылыгына, илимий-теориялык жана практикалык маанисинин аныкталышына, коргоого коюлуучу негизги жоболорго, изденүүчүнүн жеке салымына, иштин натыйжаларынын тастыкталышына, диссертациялык изилдөөнүн натыйжаларынын жарыяланышынын толуктугуна, изилдөөнүн структурасына толугу менен дал келет. Автореферат кыргыз, орус, англис тилдеринде окшош резюмелерге ээ.

**6. Мүчүлүштүктөр:** Диссертацияда көрсөтүлгөн жетишкендиктер менен бирге айрым бир кемчиликтер орун алган:

– Биринчи баптын биринчи бөлүгүндө патриоттук тарбиялоо түшүнүктөрүнүн теориялык маңызын чечмелеп берүүгө аракет жасалып, фольклордук чыгармалардын негизинде патриоттуулукка тарбиялоонун маселелерине да токтолсо жакшы болмок. (12-13-беттер);

– биринчи баптын экинчи бөлүгүндөгү мектеп окуучуларын патриоттуулукка тарбиялоонун булактары каражатары изилденген жерде биринчи бөлүмчөгө тиешелүү маселелер кирип калган. ( 27-28-беттер);

– биринчи бап боюнча тыянакты кайра карап чыгуу зарыл. Себеби тыянактын мазмуну ачылбай калган. (46-47-беттер);

– экинчи баптагы “Изилдөөнүн материалдары жана методдор” бөлүгүндөгү фольклордук чыгармалардын негизинде берилген мектептердеги сааттардын бөлүнүшү боюнча анализ жүргүзүлүп жыйынтыгы чыгарылбай калган. (57-58беттер);

– изденүүчү К.Таированын “Кыргыз жазуучуларынын көркөм чыгармалары аркылуу окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоонун” негизинде сунуштаган модели жөнүндө айтып, максаты, жыйынтыгы чыгарылбай калган ( 84-85-86беттер);

– мектеп окуучулары үчүн фольклордук чыгармалардын негизинде сабактардын бир нече түрү берилген. Анда берилген усулдардын ыкмалары туура эмес берилген. (96-97-98-99-100-101-102беттер);

- экспериментик изилдөөнү диаграммалар аркылуу берилсе түшүнүктүү болмок (112-113-114-115беттер);

–эксперименттик иштин жыйынтыктары так берилсе жакшы болмок (128-129-131беттер),

7. **Сунуштар:** Жогорудагы көрсөтүлгөн айрым кемчиликтерди жоюу сунушталат.

**8. Кабыл алуу боюнча рекомендация.** Аткарылган иш кабыл алууга татыктуу жана алдын ала коргоого сунушталсын деп эсептейм.

**9.** Азизбек Рузибаевчтин «Мектеп окуучуларын фольклордук чыгармалардын негизинде патриоттуулукка тарбиялоонун педагогикалык шарттары» аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистигине ылайык педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасы үчүн жазылган диссертациясы жеке аткарылып, толук аяктаган эмгек болуп эсептелет. Анын илимий жыйынтыктары жаңылыгы жана ынанымдуулугу менен айырмаланат. Автордун өздүк көз караштары, жоболордун берилиш логикасы, жыйынтыктар жана практикалык сунуштар объективдүү көрсөткүчтөргө таянат. Баптардын мазмуну, алынган натыйжалардын берилиши, тажрыйбалык-эксперименттин жүрүшүндө алынган далилдер илимий негизделген.

**10.** И. Арабаев атындагы КМУнун жана Кыргыз билим берүү академиясына караштуу Д 13.23.662 диссертациялык кеңешине 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистигине ылайык педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасы үчүн жазылган Азизбек Рузибаевчтин «Мектеп окуучуларын фольклордук чыгармалардын негизинде пактриоттуулукка тарбиялоонун педагогикалык шарттары» аттуу темадагы диссертациясын кабыл алууну сунуштайт.

п.и.д., профессор, Ош МПУнун ректору Зулуев Б.Б.

Б.Б. Зулуевдин койгон кол тамгасын тастыктайм.

Ош МПУнун кадрлар бөлүмүнүн башчысы Кадыралиева А.

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

27. 12. 2024-г.

Эксперт Б. Б. Зулуевдин кол тамгасын тастыктайм.
Диссеңештин окум. катчысы Абдыкапарова Ә.О.